**10.3.** Шайланган профсоюз органдары профсоюз мүчөлөрүнүн өтүнүчү боюнча, ошондой эле жеке демилгеси боюнча эмгек талаштарын караган органдарда кызматкерлердин талаптарын билдирүүгө укуктуу.

**10.4.** Жумуш берүүчү профсоюз комитетине эмгектин жана мекеменин социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн ар кандай маселеси боюнча зарыл болгон маалыматты өз убагында берет.

## 11. Жамааттык келишимдин аткарылышына көзөмөл жүргүзүү, тараптардын жоопкерчилиги

**Тараптар:**- Жамааттык келишимге кол коюлгандан кийин 7 күндүн ичинде аны билим берүү кызматкерлеринин райондук профсоюз комитетине каттого беришет.

- Жамааттык келишимдин жоболорунун аткарылышынын жүрүшү жөнүндө кызматкерлердин жалпы чогулушунда жылына бир жолу отчет беришет.
- Жамааттык келишим колдонулуп жаткан мезгилде келип чыккан, аны аткарууга байланыштуу чыр-чатактарды карашат.
- Жеке жана жамааттык эмгек талаштарын чечүүнүн мыйзамдарда белгиленген тартибин сакташат, чыр-чатактардын келип чыгышына алып келиши мүмкүн болгон талаш маселелерди чечүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланышат
- Жамааттык келишим бузулган же аткарылбаган учурда, күнөөлүү тараптар же жеке адамдар мыйзамдарда белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.
- Жамааттык келишимге ички тартиптин эрежелери, Эмгекти коргоо жана техникалык коопсуздук боюнча макулдашуу жана башка керектүү документтер кошо тиркелет.

| | |
|---|---|
| **Директор:** | **Профкомдун төрагасы:** |
| ________________ | Усупов Аскар ________________ |
| ________________ Колу, мөөрү | ________________ Колу. мөөрү |

**Каттоодон өттү «____»__________20____ж. Каттоо №_____**

**Ак-Суу райондук профсоюз комитетинин төрагасы:** ____________________ **Э. Садабаев.**

Колу. мөөрү